**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТ**

**БЕКИТЕМИН**
Педагогика факультетинин деканы
т.и.к, профессор м.а. Эсеналиева Г.О. ____________
«__4__» __сентябрь__ 2025-ж.

# Бүтүрүүчүнүн компетенциялары — жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын (НББП) өздөштүрүүнүн жыйынтык натыйжасы

**Даярдоонун багыты: 550400 –Социалдык-экономикалык билим берүү**

**Даярдоонун профили: тарых**

**Квалификациясы: бакалавр**

**Окуунун мөөнөтү: күндүзгү: 4 жыл, сырттан окуу (формасы): 5 жыл**

**Нарын – 2025**

## СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БАГЫТЫ БОЮНЧА НББП АЯКТАГАНДА ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫНЫН ЖЫЙЫНДЫСЫ КАТАРЫ

### 1.1. БҮТҮРҮҮЧҮ ЭЭ БОЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР

**А) Универсалдык компетенциялар**

**а) универсалдык:**

***- жалпы илимий (ЖК):***

ЖИ-1 – курчап турган чөйрө тууралуу бүтүндөй илимий билимдерди сын көз менен баалап жана колдоно билүү, жашоонун, маданияттын баалуулуктарында багыт алуу жана активдүү жарандык позицияны ээлөө, адамдарга урмат көрсөтүү жана толеранттуулук;

***- инструменталдык (ЖК):***

ИК-1 – мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде иш жана окуу чөйрөсүндө ишкердик баарлашууну жүргүзүүгө жөндөмдүү;
ИК-2 – иш жана окуу чөйрөсүндөгү татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди алууга жана колдонууга жөндөмдүү;
ИК-3 – кесиптик ишмердүүлүктө ишкердик билимдерди жана көндүмдөрдү колдонууга жөндөмдүү;

***- социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК):***

СИЖМ-1 – кесиптик ишмердүүлүктө жеке адамдардын же топтордун максаттарына жетүүсүн камсыз кылууга жөндөмдүү;






### 1.2. Б) Кесиптик компетенциялар (КК)

- **КК–1.** Кесиптик милдеттерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык билимдерди пайдаланууга даяр жана педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын кесиптик ишмердиккке пайдаланууга жөндөмдүү
- **КК–2.** Методикалык көйгөйлөрдү чечүүнүн жөндөмдөрүнө (моделдери, усулдары, окутуунун технологиялары жана ыкмалары) ээ жана окутуунун сапатын баалоонун технологиясын колдонууга жөндөмдүү.
- **КК–3.** Инсанга багытталган билим берүү жана туруктуу өнүгүү принциптери менен билим берүү жараяны үчүн оптималдуу шарттарды калыптандырууга жөндөмдүү (сергек жашоо мүнөзү, жаратылышты коргоо жана жаратылыш байлыктарын үнөмдүү пайдалануу, маданий көп түрдүүлүк, инклюзия ж.б.)
- **КК–4.** Окуучулардын социалдык өз ара аракетинин техникасы, методикасы жана ыкмалары, жөндөмдөрүнө ээ болот жана кесиптик жактан аныктоо үчүн шарттарды түзүүгө даяр.
- **КК–5.** Педагогикалык ой жүгүртүүнүн негизинде билим берүү программаларын өз алдынча тандоого, ага карата дидактикалык материалдарды пландаштыруу менен иштеп чыгууну окуу жараянында пайдаланууну билет.
- **КК–6.** Окуу планына ылайык, программанын бөлүмдөрүнүн жана темаларынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, предмет боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү.
- **КК–7.** Өздүк өнүгүүсү боюнча кесиптик ой-жүгүртүүнүн негизинде жүргүзүлгөн милдеттерди коюну билет.
- **КК–8.** Педагогикалык ишмердикти окутуунун интерактивдүү таризин жана усулдарын пайдалануу менен ишке ашырууга жөндөмдүү.
- **КК–9.** Окуучулардын ар тараптан (акыл эс, социалдык, моралдык ж.б.) өнүгүү деңгээлин аныктай алат жана ага ылайык ар түрдүү жагымсыз корунуштордун (зомбулук, наркотик, аракечтик ж.б.) таасиринен коргойт.


- **КК–10.** Социалдык жана кесиптик маселелерди чечүүдө гуманитардык, социалдык жана экономикалык илимдердин ыраатталган теориялык жана практикалык билимдерин колдонууга жөндөмдүү .
- **КК–11.** Тарыхый жараяндагы жана коомдун саясий турмушундагы адамдын ордун, тарыхый процесстин мыйзам ченемдүүлүгүн жана кыймылдаткыч күчтөрүн түшүнүүгө жөндөмдүү.
- **КК-12** Кыргызстандын дүйнөлүк тарыхтын бир бөлүгү катары тарыхый өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн жана мүнөзүн бөлүп көрсөтө алат
- **КК–13.** Тарыхый фактыларды талдоого, себеп–натыйжалык байланыштарды көрсөтүүгө жөндөмдүү
- **КК–14.** Негизги экономикалык түшүнүктөрдүн жана категориялардын, экономикалык жараяндын өзгөчөлүктөрүн мүнөздөөгө жөндөмдүү.
- **КК–15.** Социалдык -экономикалык жараяндар жана көрүнүштөр жөнүндө ата мекендик жана чет элдик статистикалык маалыматтарды чагылдырууга жана талдоого, социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүү тенденцияларын көрсөтүүгө жөндөмдүү
- **КК–16.** Укуктук аң-сезимди, укуктук ой жүгүртүүнү жана укуктук маданиятты өнүктүрүүнүн негизинде кесиптик ишмердикти ишке ашырууга жөндөмдүү.
- **КК–17.** Дүйнөлүк саясат жана эл аралык мамилелер боюнча билимдерге ээ болуу менен мамлекеттин тышкы саясатынын маңызын түшүнүүгө жөндөмдүү

## 1.3. ЖОЖ тарабынан аныкталган адистик боюнча кошумча компетенциялар:

НББПсына кирүүчү дисциплиналардын (модулдардын) мазмунун талкуулоону кафедра жумуш берүүчүлөр, студенттер, ата-энелер ж.б. бардык кызыктар тараптардын катышуусу менен өткөрөт. Кызыкдар тараптардын сунуш-пикирлерине жараша, стандарттардын өзгөрүшүнө жараша НББП өзгөртүлүп, анын мазмунуна толуктоолор, кошумчалар киргизилип турат. Мисалы 2022 жылдагы бүтүрүүчүнүн моделине адистик кошумча компетенция кошулган:

**АКК-1 –** Тарыхый педагогикалык, элдик мурастарга, маданий салттарга кылдат жана аяр мамиле жасоо менен, педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана анын кыймылдаткыч күчтөрүн түшүнөт, мекенчилдик, активдүү жарандык позициясын карманат;

**АКК-2 -** Эмгек рыногунда атаандаштыкка туруштук бере алган республиканын жалпы орто билим берүүчү мекемелеринде кыргыз жана орус тилдеринде окуу жараянын жүргүзүүгө, ошондой эле, мамлекеттик структураларда, коомдук уюмдарда эмгектенип, жигердүү ишмердикке жөндөмдүү адис боло алат.


Кесиптик компетенция
КК-1
КК-2
КК-3
КК-4
КК-5
КК-6
КК-7
КК-8
КК-9
КК-10
КК-11
КК-12
КК-13
КК-14
КК-15
КК-16
КК-17
АКК-1
АКК-2

## 1.3. ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ МЕНЕН КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН ДАЛ КЕЛҮҮЧҮЛҮК ТАБЛИЦАСЫ

| № | Окутуунун натыйжалары | Калыптандыруучу компетенциялары |
|---|---|---|
| 1 | **ОН-1.** Студент айлана-чөйрө тууралуу илимий билимдерди сынчыл баалап колдоно алат, мамлекеттик, расмий жана (чет тилдерде ) баарлашып, маалыматтык технологиялар аркылуу жаңы билимдерди өздөштүрүп жана ишкердик көндүмдөрдү пайдаланып, жеке жана топтук ишмердүүлүктө коюлган максаттарга жетүүгө жөндөмдүү. | ЖК-1+ИК-1,+ИК-2+ИК-3+СИМК-1 |
| 2 | **ОН-2.** Студент психологиялык-педагогикалык билимдерге таянып кесиптик милдеттерди чече алат, окутуунун методдорун жана технологияларын натыйжалуу колдонуп, билим берүүнүн сапатын баалай алат жана окуу программасына ылайык сабактарды туура пландап уюштурууга жөндөмдүү. | КК-1+КК-2+КК-6 |
| 3 | **ОН-3.** Студент окутуунун методдорун, моделдерин жана технологияларын натыйжалуу колдонуп, билим берүүнүн сапатын баалай алат, окуу программасына ылайык сабактарды туура пландап, башталгыч мектепте билим берүү процессин заманбап методикалар жана технологиялар менен уюштурууга жана ишке ашырууга жөндөмдүү. | КК-2+КК-6+КК-8 |
| 4 | **ОН-4.** Студент туруктуу өнүгүү принциптерине негизделген билим берүү чөйрөсүн түзө алат, кесиптик рефлексия аркылуу өзүнүн өнүгүүсүн пландайт жана билим алуучулар менен кызматташып, биргелешкен долбоорлорду жана иш пландарын иштеп чыгууга жөндөмдүү. | КК-3+КК-7+КК-10 |
| 5 | **ОН-5.** Билим алуучулардын социалдашуусун камсыз кылган методдорду колдоно алат, билим берүү программаларын жана дидактикалык материалдарды өз алдынча тандап, аларды педагогикалык рефлексиянын негизинде натыйжалуу пайдаланат жана өзүнүн кесиптик өнүгүүсүн пландап, алдыга максаттарды коё алат. | КК-4+КК-5+КК-7 |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | **ОН-6.** Студент окуучулардын өнүгүү деңгээлин диагностикалап, терс көрүнүштөрдүн алдын алуу иштерин жүргүзө алат, балдардын ар тараптуу өнүгүүсү боюнча теориялык билимдерге ээ болуп, башталгыч билим берүүнүн мазмунуна ылайык окутуу технологияларын колдонууга жөндөмдүү. | КК-9+КК-11+КК-12 |
| 7 | **ОН-7.** Студент айлана-чөйрө тууралуу илимий билимдерди сынчыл баалап колдоно алат, кыргыз тилине натыйжалуу баарлашып, окутуунун методдорун жана технологияларын колдонуу менен билим берүүнүн сапатын баалай алат, окуучулардын социалдашуусун камсыз кылып, сабактарды туура пландап, кесиптик рефлексия аркылуу өзүн өнүктүрүп, башталгыч билим берүүнүн методикаларынын негизинде окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн калыптандырууга жөндөмдүү. | ОК-1+ИК-1+КК-2+КК-4+КК-6+КК7+КК12 |
| 8 | **ОН-8.** Студент айлана-чөйрө тууралуу илимий билимдерди сынчыл баалап, маданий баалуулуктарды карманып, кыргыз жана орус тилдерде натыйжалуу баарлашууга жөндөмдүү болуп, башталгыч билим берүүнүн теориялык негиздерин жана технологияларын колдонуу менен башталгыч класстын окуучуларынын предметтик билимдерин жана көндүмдөрүн калыптандырат. | ИК-1+ОК-1+КК-12 |
| 9 | **ОН-9.** Студент психологиялык-педагогикалык билимдерге таянып кесиптик милдеттерди натыйжалуу чече алат, окуучулардын социалдашуусун камсыз кылып, сабактарды окуу планына ылайык пландап, кесиптик рефлексия аркылуу өзүнүн өнүгүүсүн максаттуу уюштурууга жөндөмдүү. | ПК-1 +ПК-4+ПК-6+ПК-7 |
| 10 | **ОН-10.** Студент психологиялык-педагогикалык билимдерге жана изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына таянып кесиптик милдеттерди чече алат, окутуунун методдорун жана технологияларын колдонуп билим берүүнүн сапатын баалайт, сабактарды окуу планына ылайык пландап, кесиптик рефлексия аркылуу өзүнүн өнүгүүсүн уюштурат, окуучулардын өнүгүү деңгээлин диагностикалап профилактикалык иштерди жүргүзөт жана балдардын ар тараптуу өнүгүүсү боюнча теориялык билимдерди натыйжалуу колдоно алат. | ПК-1+ПК-2+ПК-6+ПК-7+ПК-9+ПК-11 |
| 11 | **ОН-11.** Бүтүрүүчү тарыхый-педагогикалык мурастарды жана маданий баалуулуктарды урматтап, педагогикалык жараяндын мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнгөн, мекенчил жана активдүү жарандык позицияны карманган адис болуп калыптанат.<br>Ал ылдам өзгөрүп жаткан коомдо кесиптик ишмердүүлүктү натыйжалуу жүргүзүп, теорияны практика менен айкалыштыра алган, өз алдынча чечим кабыл алып, үзгүлтүксүз өзүн-өзү өнүктүрүүгө жөндөмдүү болот. | АКК-1+АКК2 |

## 1.4. БҮТҮРҮҮЧҮНҮН МОДЕЛИ




Документ 550400 – Социалдык-экономикалык билим берүү ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык ЖКББ ОУБнин сунуштарын эске алуу менен 550400 – Социалдык-экономикалык билим берүү багыты, тарых профили боюнча түзүлгөн.

Автору(лору):
Эсеналиева Гулжамал Омуракуновна ______________________
*(колу)*

Айыпказиева Рената Акылбековна ______________________
*(колу)*

Документ педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын 2025-жылдын «3» сентябрь отурумунда № 2 протокол менен **ЖАКТЫРЫЛГАН**.

Кафедра башчысы: п.и.к., доцент________________Бектурова Э.О.
*( колу)*